Билим берүү сапатын баалоо жана маалымат технологияларынын улуттук борбору
КР ББИМ

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

**(окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)**

## 10-класс №1-вариант

**№1. Татаал сүйлөмдүн түрүн белгиле.**
***Айжамал сабактан кечикпесин деп, энеси эрте турган эле.***
а) себеп багыныңкы байланыштагы
б) мезгил багыныңкы байланыштагы
в) орун багыныңкы байланыштагы
г) максат багыныңкы байланыштагы

**№2. Багыныңкы сүйлөмдүн түрүн белгиле.**
***Биз жайлоого жеткен кезде, күн батканга жакын калган эле.***
а) Себеп багыныңкы сүйлөм
б) Мезгил багыныңкы сүйлөм
в) Максат багыныңкы сүйлөм
г) Шарттуу багыныңкы сүйлөм

**№3. Багыныңкы сүйлөмдүн түрүн белгиле.**
***Уялгандыктан, ал кыпкызыл болуп кетти.***
а) Мезгил багыныңкы сүйлөм
б) Себеп багыныңкы сүйлөм
в) Шарттуу багыныңкы сүйлөм
г) Карама-каршы багыныңкы сүйлөм

**№4. Мезгил багыныңкы сүйлөмдү белгиле.**
а) Сен келбесең, атам ишти бүтүрө албайт.
б) Сен келбей, иш бүтпөй калды.
в) Сен келгенче, биз ишти бүтүрүп койдук.
г) Жаз болбой, чөп көгөрбөйт.

**№5. Карама-каршы багыныңкы сүйлөмдүн баш сүйлөмүн белгиле.**
***Кумурска өзү кичине болсо да, анын күчү тоо томкорот.***
а) Кумурска өзү кичине болсо да
б) Кумурска тоо томкорот
в) өзү кичине болсо да, күчү тоо
г) анын күчү тоо томкорот

**№6. Багыныңкы сүйлөмдүн түрүн белгиле.**
***Айбек чет өлкөдөн билим алуу үчүн, англис тилин өздөштүрө баштады.***
а) Максат багыныңкы сүйлөм
б) Себеп багыныңкы сүйлөм
в) Шарттуу багыныңкы сүйлөм
г) Карама-каршы багыныңкы сүйлөм.

**№7. Себеп багыныңкы сүйлөмдү белгиле.**
а) Билим кайда болсо, өнөр ошол жерде болот.
б) Алдейлеп баккан эне үчүн, арнаймын ушул өмүрдү.
в) Алар келгенден кийин, мугалим жаңы теманы түшүндүрдү.
г) Жол тайгак болгондуктан, алар өтө кеч келди.

**Маекти окуп,суроолорго жооп бергиле.**

**Саякат**

С.: – Салам, Махабат! Мен сени кечээ көп эстедим.
М.: – Салам, Султан! Чын элеби? Эмне болду?
С.: – Кечээ телевизорду коё салсам, Ошту көрсөтүп жатышыптыр.
М.: – Ии, сага шаарыбыз жактыбы?
С.: – Ооба, Махабат, Ошту көрсөм деп калдым. Сулайман-Тоого баргым келип жатат. Саякаттаганды жакшы көрөрүмдү билесиң да.
М.: – А мен болсо кооз жерлерди телевизордон көргөндү жактырам. Барып убара болбой, үйдөн эле көрө берем. Сенчи? Телевизордон эмнелерди көрөсүң?
С.: – Жуманын аягында спорт көрсөтүүлөрүн көрөм. Ал эми жаңылыктарды болсо, күн сайын көрүп турам. Анда эмесе сүйлөштүк. Барганда жолугушабыз.

**№8. Султан Ошко баргысы келет, анткени аны ... кызыктырат.**
а) Махабаттын үйү
б) телевизор
в) Сулайман Тоо
г) көчөлөр

**№9. Махабаттын жашаган жерин белгиле.**
а) Ой ордодо
б) Сулайман-Тоодо
в) Бишкекте
г) Ошто

**№10. Махабат саякаттоо жөнүндө кандай ойлойт?**
а) жаңылыктарга гана кызыгат
б) такыр үйдө отургусу келбейт
в) барып убара болгусу келбейт
г) кооз жерлерге аябай кызыгат